## **Мамлекеттик казына векселдеринин рыногу**

*(2017-жылдын август айы)*

Отчеттук мезгил ичинде биринчилик рыногунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына векселдерин жайгаштыруу боюнча 4 аукцион өткөрүлгөн. Натыйжада, эки аукциондо 3 айлык мамлекеттик казына векселдери (мындан ары - МКВ) жайгаштырылган эмес, катышуучулардын жетишсиз санына жана суроо-талаптын жоктугуна байланыштуу 3 айлык МКВлар жайгаштырылган эмес. Алсак, кароого алынып жаткан мезгил ичинде аталган баалуу кагаздын жарыяланган эмиссиясынын жалпы көлөмү мурдагы ай сыяктуу эле 420,0 млн сомду түзгөн. Бирок МКВга карата суроо-талаптын көлөмү ай ичинде (+84,3 пайыз), 696,5 млн сомго чейин олуттуу жогорулаган. Мында, МКВлардын сатуу көлөмү 21,0 пайызга көбөйүп, 387,5 млн сомду түзгөн.

Мөөнөттүүлүгү боюнча бөлүштүргөндө сатуу көлөмдөрү төмөнкүчө түптөлгөн: 3 айлык МКВлардын сатуу көлөмдөрү 30,0 млн сомду (+3 эсе) жана 6 айлык МКВлардын сатуу көлөмдөрү – 40,0 млн сомду түзгөн; 12 айлык МКВлардын сатуу көлөмдөрү – 317,5 млн сомду (ай ичинде +17,5 пайыз) түзгөн.

Отчеттук мезгилде МКВлардын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү МКВнын бардык мөөнөттүүлүгү боюнча кирешелүүлүктүн өсүшү эсебинен 0,1 п.п. көбөйүү менен 5,6 пайызды түзгөн. Алсак, 3 айлык МКВлардын кирешелүүлүгү 2,7 пайызды (+0,2 п.п.), 6 айлык МКВнын кирешелүүлүгү 4,7 пайызды (+0,1 п.п.) жана 12 айлык МКВнын кирешелүүлүгү 5,9 пайызды (+0,2 п.п.) түзгөн.

Кыргыз Республикасынын бюджетинин тартыштыгын таза каржылоо өлчөмү кароого алынып жаткан мезгил ичинде -183,1 млн сом өлчөмүндө калыптанган. Отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 551,5 млн сом суммасында (-21,5 пайыз) мурда эмитирленген МКВлардын орду жабылган.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдө МКВлар көлөмү жыл башынан тартып 3,4 млрд сомго чейин (-20,3 пайыз) төмөндөгөн. Алсак, негизги ээлик кылуучулар боюнча МКВлар түзүмү төмөнкүчө калыптанган: МКВга негизги ээлик кылуучулардын – коммерциялык банктардын үлүшү 12,1 п.п., 78,0 пайызга чейин жогорулаган; институционалдык инвесторлордун үлүшү, тескерисинче 12,1 п.п., 21,2 пайызга чейин төмөндөгөн болсо, ал эми юридикалык жактардын – резиденттердин үлүшү 0,9 пайызга чейин кыскарган.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКВлар менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-график. МКВга карата суроо-талап жана аны жайгаштыруу**



**2-график. МКВ боюнча суроо-талап, сатуу жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**




**3-график. МКВны сатуу көлөмүнүн динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКВга ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Институцион. инвесторлор | | Жеке адамдар - резиденттер | | Юридикалык жактар - резиденттер | |
| | | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак |
| 01.09.2016 | 4 950 910,0 | 3 018 660,4 | 61,0% | 1 891 879,6 | 38,2% | 0,0 | 0,0% | 40 370,0 | 0,8% |
| 01.10.2016 | 4 818 410,0 | 2 971 010,4 | 61,7% | 1 802 379,6 | 37,4% | 0,0 | 0,0% | 45 020,0 | 0,9% |
| 01.11.2016 | 4 998 910,0 | 3 176 484,1 | 63,5% | 1 777 405,9 | 35,6% | 0,0 | 0,0% | 45 020,0 | 0,9% |
| 01.12.2016 | 4 587 210,0 | 3 055 547,5 | 66,6% | 1 494 642,5 | 32,6% | 0,0 | 0,0% | 37 020,0 | 0,8% |
| 01.01.2017 | 4 307 710,0 | 2 835 547,5 | 65,8% | 1 435 142,5 | 33,3% | 0,0 | 0,0% | 37 020,0 | 0,9% |
| 01.02.2017 | 4 511 920,0 | 2 947 828,0 | 65,3% | 1 530 072,0 | 33,9% | 0,0 | 0,0% | 34 020,0 | 0,8% |
| 01.03.2017 | 4 713 900,0 | 3 168 404,2 | 67,2% | 1 520 525,8 | 32,3% | 0,0 | 0,0% | 24 970,0 | 0,5% |
| 01.04.2017 | 4 906 400,0 | 3 416 240,2 | 69,6% | 1 459 925,8 | 29,8% | 0,0 | 0,0% | 30 234,0 | 0,6% |
| 01.05.2017 | 4 719 100,0 | 3 583 635,2 | 75,9% | 1 107 775,8 | 23,5% | 0,0 | 0,0% | 27 689,0 | 0,6% |
| 01.06.2017 | 4 216 600,0 | 3 318 030,8 | 78,7% | 870 880,2 | 20,7% | 0,0 | 0,0% | 27 689,0 | 0,7% |
| 01.07.2017 | 4 055 100,0 | 3 362 220,2 | 82,9% | 664 470,8 | 16,4% | 0,0 | 0,0% | 28 409,0 | 0,7% |
| 01.08.2017 | 3 625 400,0 | 2 865 164,8 | 79,0% | 730 801,2 | 20,2% | 0,0 | 0,0% | 29 434,0 | 0,8% |
| 01.09.2017 | 3 432 900,0 | 2 676 586,5 | 78,0% | 726 829,5 | 21,2% | 0,0 | 0,0% | 29 484,0 | 0,9% |

**2-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

*пайыздар*

| Мезгил аралагы | Орточо салмактанып алынган киреш-к | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Август'2016 | 5,7 | 2,2 | 3,8 | 7,2 |
| Сентябрь | 5,5 | - | 4,2 | 6,4 |
| Октябрь | 5,7 | 2,8 | 4,8 | 6,7 |
| Ноябрь | 5,8 | 3,0 | 4,9 | 7,4 |
| Декабрь | - | - | - | - |
| Январь'2017 | 5,3 | 2,7 | 4,3 | 6,8 |
| Февраль | 4,5 | 2,0 | 3,2 | 6,1 |
| Март | 4,1 | 1,6 | 2,8 | 5,5 |
| Апрель | 4,0 | 1,5 | 2,9 | 5,3 |
| Май | 4,7 | 2,0 | - | 5,0 |
| Июнь | 4,3 | - | 4,0 | 5,7 |
| Июль | 5,5 | 2,5 | 4,6 | 5,7 |
| Август | 5,6 | 2,7 | 4,7 | 5,9 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*